| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**МОСКВА РАЙОНУ**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МИН-БУЛАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №96**

12-сентябрь 2025-жыл — Садовое а.

**2025-жылдын 15-августундагы №88 «Садовое айылында Өзгөчө кырдаалдар министрлигине жер тилкесин пайдаланууга берүү жөнүндө макулдук берүү жөнүндө» токтомго өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси П.И.Лугманын маалыматын угуп чыгып, айылдык кенештин муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк жана жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-сентябрындагы корутундусуна ылайык, Миң-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылдын 15-августундагы №88 «Садовое айылында КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигине жер тилкесин пайдаланууга берүү боюнча макулдук берүү жөнүндө» токтомго өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин.
2. Жогорудагы токтомдун 1-пункту төмөнкүдөй жаңы редакцияда баяндалсын: «648-контурда жайгашкан аянты 487,5 чарчы метр болгон жер тилкеси 86123 аскердик бөлүмүнө пайдаланууга берилди деп эсептелсин».
3. Миң-Булак айыл өкмөтү тиешелүү өзгөртүүлөрдү айыл өкмөтүнүн жер-кадастрдык документациясына киргизсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк жана жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча туруктуу комиссиясынын жүктөлсүн.

**Төрайым** — **Булазова Г.Т.**